DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



## *ТАРЫХ ИЛИМДЕРИ*
## *ИСТОРИЧЕСКИЕ НАУКИ*
## *HISTORICAL SCIENCES*

***Жумалиева В.Б., Абдалиева Г.К.***

# ЖУСУП АБДРАХМАНОВДУН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНДӨГҮ ОРУС-ТУЗЕМ МЕКТЕБИНИН РОЛУ

***Жумалиева В.Б., Абдалиева Г.К.***

# РОЛЬ РУССКО-ТУЗЕМНОЙ ШКОЛЫ В ДЕЯТЕЛЬНОСТИ ЖУСУПА АБДРАХМАНОВА

***V.B. Zhumalieva, G.K. Abdalieva***

# THE ROLE OF THE RUSSIAN-NATIVE SCHOOL IN THE ACTIVITIES OF ZHUSUP ABDRAKHMANOV

*УДК: 9:947.084/94(575.2)*

*XIX кылымда Кыргызстанда падышачылык Россиянын саясатынын кызыкчылыгын көздөгөн орус-тузем мектептери ачыла баштаган. Ал мектептер төрт жылдык болуп, окуучулар кыргыз жана орус тилдеринде билим алышкан. Негизинен орус мугалимдери Ташкент мугалимдер семинариясынын бүтүрүүчүлөрү болушкан. Жергиликтүү калкты орусташтыруу саясаты активдүү ишке ашырылса дагы, орус-тузем мектептери кыргыз жаштарынын турмушунда маанилүү жана натыйжалуу роль ойногон. Орус-тузем мектебин аяктаган кыргыз жаштары Кыргыз мамлекетинин түптөлүшүнө чоң салым кошуп, мамлекеттин өнүгүшүн камсыз кылышкан. Кыргызстандын аймагында Талас, Пишпек, Токмок, Александровский, Сокулук, Тынаев, Пржевальский, Нарын, Атбашы, Сазановка, Покровка, Кетмен-Төбө жана Ош орус-тузем мектептери иштеп турган. Совет бийлиги орноп, эл агартуу сферасында өзгөрүүлөр болгон. Орус-тузем ж.б. мектептердин ордуна советтик типтеги мектептер уюштурула баштаган.*

***Негизги сөздөр:*** *орус-тузем мектептери, орусташтыруу, саясат, кыргыз жаштары, натыйжалуу, мамлекет, салым.*

*В XIX веке в Кыргызстане в интересах политики Царской России были открыты русско-туземные школы. Эти школы были четырех годичными, и ученики получали образование на кыргызском и русском языках. Большинство русских учителей были выпускниками Ташкентской учительской семинарии. Несмотря на активную реализацию политики русификации местного населения, русско-туземные школы играют важную и эффективную роль в жизни кыргызской молодежи. Молодежь Кыргызстана внесла большой вклад в становление кыргызского государства и обеспечила его развитие. В Кыргызстане действовали русско-туземные школы Таласский, Пишпекский, Токмокский, Александровский, Сокулукский, Тынаевский, Пржевальский, Нарынский, Атбашинский, Сазановский, Покровский, Кетмен-Тобо и Ошский. Была установлена Советская власть, произошли изменения в сфере образования. Вместо русско-туземной и других школ были открыты школы советского типа.*

***Ключевые слова:*** *русско-туземные школы, русификация, политика, кыргызская молодежь, эффективный, государство, вклад.*

*In the XIX th century, Russian-native schools were opened in Kyrgyzstan in the interests of the policy of tsarist Russia. These schools were four years old and students were educated in Kyrgyz and Russian. Most of the Russian teachers were graduates of the Tashkent Teachers' Seminary. Despite the active implementation of the policy of Russification of the local population, Russian-native schools have played an important and effective role in the life of Kyrgyz youth. Young people of Kyrgyzstan have made a great contribution to the formation of the Kyrgyz state and provided for the development of the state. In Kyrgyzstan, there were Russian-native schools Talassky, Pishpeksky, Tokmoksky, Aleksandrovsky, Sokuluksky, Tynaevsky, Przhevalsky, Narynsky, Atbashinsky, Sazanovsky, Pokrovsky, Ketmen-Tobo and Oshsky. The Soviet power was established, there were changes in the field of education. Instead of the Russian-native etc. schools were opened schools of the Soviet type.*

***Key words:*** *russian-native schools, Russification, policy, the Kyrgyz youth, the effectiveness, the state, contribution.*

XIX кылымда Кыргызстанда орус-тузем мектептери ачылып, алар падыша саясатынын реакциячыл максаттарын ишке ашырууга аракет кылышкан. Орус-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



тузем мектептери негизинен (котормочуларды, эсептөөчү ж.б.) падышалык администрациянын жана жергиликтүү соода-өнөр жай элитасынын керектөөсүн камсыз кыла турган майда кызматчыларды даярдоо үчүн багытталган. Бирок Октябрь революциясына чейин орус-тузем мектептерин бүткөн көптөгөн кыргыздар, натыйжада, алгачкы улуттук интеллигенциянын негизин түзүшкөн. Биринчи кезекте, орус-тузем мектебин бүткөн төмөндөгү бүтүрүүчүлөрдүн атын атасак болот: Жусуп Абдрахманов, Төрөкул Айтматов, Баялы Исакеев [1].

1933-жылы 29-июлда Жусуп Абдрахманов кадрларды эсепке алуу боюнча өздүк баракчасынын “окуу жайдын аталышы жана турган жайы” деген графасына: ”Сазановка орус-тузем мектеби, 1911-ж. VIII-V. 1915-ж. 4 окуу жылы. Караколдогу жогорку башталгыч училищенин 3-бөлүмү, 1915-ж. VIII-V. 1916-ж. 1 окуу жылы» [2] - деп толтурган. Демек, Жусуп Абдрахманов орус-тузем мектебинде 4 жылга жакын билим алган, анткени автобиографиясында 3 жыл деп маалымат берилген. Мамлекеттик ишмердүүлүгү далил болгондой, Жусуп Абдрахмановдун турмушунда орус-тузем мектеби абдан таасирдүү роль ойногон.

Орус-тузем мектебинде бирге окуган дос-курбусу: “Шариф Фазлудинович Забиров Ысык-Көл областындагы Сазановка орус-тузем мектебинде Жусуп Абдрахманов менен бирге окуган. Мектеп жупуну, жөнөкөй болгону менен азыркы орто мектептерден кем эмес билим берген. Келечектеги Эл Комиссарлар Кенешинин төрагасы Жусуп менен Шарифтин достугу өмүр бою уланган” [3] деген маалыматты тарыхчы А.Тузовго партиянын мүчөсү, ошол учурдагы Коминтерндин жооптуу кызматкери Ш.Ф.Забиров өзү айтып берген. Айылдагы орус-тузем мектебин бүтүрүшкөн бул муундун өкүлдөрү жогорку кызмат абалдарын татыктуу камсыз кылып, Кыргызстандын мамлекетүүлүгү жана келечегин түптөгөнгө зор салым кошушкан.

Түркстан өлкөсүндө орус эмес калкты орусташтыруу саясатын жүргүзүп, жергиликтүү элден падыша бийлигине чын ниеттен кызмат өтөп, Мекенге пайдалуу атуулдарды даярдоо катары чоң ишеним менен орус-тузем мектептерин ачуу максатка ылайык деп табылган. Басып алган жерлерди башкаруу үчүн котормочуларды, административдик аппаратка керек майда кызматкерлерди даярдоону орус-тузем мектеби милдет кылып койгон. Орус-тузем мектебинин максатын жана милдетин аныктап, Түркстан генерал-губернатору К.П. фон Кауфман тарбиянын негизинде Россия үчүн пайдалуу атуулдарды даярдоо керек экендигин баса көрсөткөн. 1860-жылы Түркстан өлкөсүндөгү элдик билим берүүнү уюштуруу үчүн түзүлгөн өзгөчө комиссия генерал-губернатордун көрсөтмөсү менен падышалык саясатка таяп, чет жакадагы колониялык жерлерде билим берүү милдетинин жобосу орус элинин кызыкчылыгын көздөө багытында өнүгүшү керек деп баса белгилеген [4]. Ошондой эле дүйнөдөгү өнүгүүгө жана билимге умтулушкан кыргыздар орус тилсиз алдыңкы демократиялык орус маданияты менен таанышуу эч мүмкүн эместигин түшүнүп, жергиликтүү бийликтегилерден орус мектептерин ачып берүүнү өтүнүп кайрылышкан. Бул мектептердин ачылышы менен орус бийлиги өз кызыкчылыгын көздөсө, ал эми жергиликтүү эл орус тили аркылуу дүйнөлүк адабият жана маданият менен жакындан таанышууну каалаган.

Жусуп Абдрахманов “Предвестник Октября” деген макаласында төмөндөгүдөй маалымат берет: Падышачылык Түркстан элдеринин, анын ичинде кыргыздардын да маданий өсүшүн токтотууга бардык аракетин жасаган. Азыркы Советтик Кыргызстандын 1 миллион калкынын ичинен Октябрь революциясы болор мезгилде 4% сабаттуу болгон, бүткүл республика боюнча 36 орундуу 6 оорукана болгон. Ал мектептер да жалаң орус калкы жашаган шаарлар менен кыштактарда болгон. Жергиликтүү калктын балдары окууга тийиш болгон 6-7 орус-тузем мектептеринин эшиктери эмгекчи катмардын балдары үчүн жабык болгон. Бул мектептерде жергиликтүү падышалык администрация менен тил табышып, пара бере алышкан төбөлдөрдүн, бай-манаптардын, соодагерлердин балдары окушкан. Бул мектептердин максаттуу багыты – орусташкан тилмечтерди даярдоо болуп, тилмеч болуп чыккандар кыргыз калкын талап-тоноодо өз устаттарынан-падыша төбөлдөрүнөн кем калышкан эмес” [5]. Демек мектептердин ачылышы менен ар тараптуу кызыкчылыктар кагылышып, билим алуу уланган. Белгилей кетчү жагдай, негизинен орус-тузем мектептери билим алган кыргыз жаштары үчүн негиздүү жана таасирдүү чоң роль ойногон.

Орус-тузем мектеби жөнүндө архивдеги документтер төмөндөгүдөй маалымат берет: Падышалык мезгилде жылдан жылга эски ыкма менен окуткан мектептер жана аз-аздан медереселер ачылып, анда демилге молдолорго берилген, айрыкча, мектептер биздин Республиканын түштүк бөлүгүндө жана түндүк бөлүгүндөгү өзбектердин арасында ачылган. Губернатордун отчётунда бул жобо белгиленип, бул мектептерде светтик илимдер окутулган эмес, анда турмушка ылайыкташпаган эрки жок адамдар даярдалып, бул мектептердин коркунучсуздугу жөнүндө көрсөтүлгөн.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



Түркстандагы мугалимдер семинариясын бүтүп келген орус-тузем жана европалык мектептердин мугалимдерин миссионер Остроумов жетектеп, ал мектептер миссионердик духта болуп, алар орусташтыруу саясатын жүргүзүүгө бүт күч-аракеттерин жасашкан. Бул мектептер райондук полициянын жана уезддик башкаруучунун көзөмөлүндө болгон.

1905-жылдан тартып Каракол, Токмок, Пишпек (Фрунзе) шаарларында соодагерлердин каражатына татарлардын мектептери ачыла баштаган, анда Россиядан чыккан мугалимдер иштешкен. Бирок, бул мектептерге жергиликтүү жашоочулардын балдарын кабыл албоо боюнча жашыруун күрөш жүргөн. Революциянын алдында орус-тузем татар мектептеринде жана жогорку башталгыч училищелеринде окуган жергиликтүү калктын балдарынын саны көбөйө баштаган. Революциядан кийин 1918-жылдын аягында улуттук мектептер ачыла баштап, бардык жерде 2-3 айлык кыска мөөнөттөгү курстар уюштурулуп, анда согуштук туткун түрктөр жана татар мугалимдер сабак беришкен" [6].

Ошентип, 1886-жылы генерал-губернатор Н.О. Розенбах Түркстанда орус-тузем мектептерин ачуу жөнүндө официалдуу түрдө уруксат берип, бара-бара шаар, айыл жерлеринде мектептер ачыла баштаган [7].

Падышалык өкмөт өз колонияларында орус-тузем мектептерин ачып жатып, биринчи күндөн тартып алдыңкы орус маданиятынын булагына айлануудан коркуп, билим берүүнү чектешсе дагы, орус-кыргыз мектептери кыргыз элинин агартуу иштеринде таасирдүү роль ойногон. Орус тилин үйрөнүп, тил аркылуу бай орус маданияты менен таанышып, эки элди жакындатып, кыргыз чөйрөсүнө алдынкы демократиялык маданияты менен революциялык идеялардын тарашына да өбөлгө түзгөн.

Буга Жусуп Абдрахмановдун орус тилин мыкты өздөштүрүп, бай орус маданияты менен таанышып, ар тараптуу мамлекеттик ишмердүүлүгүнүн өнүккөнү далил болсо, доордун орус тилинде мыкты жазылган тарыхый күндөлүгү, эмгек, макала жана докладдары буга мисал боло алат. Ал эми Жусуп Абдрахмановдун көп кырдуу тарыхый күндөлүгү ошол кезде турмуш өзү көтөрүп чыккан эң зарыл маселе, суроолор боюнча чындыкка негизделген көз карашы, ойлору азыр дагы кыргыз коомчулугунун жаңы мезгилиндеги саясий, социалдык-экономикалык, маданий тарыхы менен тыгыз байланышын чагылдырып турат. Күндөлүк 1928-жылы 18-августтан баштап 1932-жылдын 11-ноябрына чейинки тарыхый оор мезгилди камтыган. Жусуп Абдрахманов күндөлүктү 4 жыл 3 айга жакын убакытта өзү үчүн жазса, убакыттын өтүшү менен автор бул өздүк күндөлүгү менен келечектеги окурманга кайрылып отурат. Жусуп Абдрахмановдун күндөлүгү тарыхый булак болуп, кыргыз тарыхын 1920-1930-жылдардагы тарыхый маалыматтар менен камсыз кылганга негиз болот.

Жусуп Абдрахмановдун орус классикасынын өкүлдөрүнүн жана дүйнөлүк жазуучулар Гауптман, Голсуорси, ж.б. бийик чыгармачыл дүйнөсү менен таанышып, алар жөнүндө көз карашын айтканы ар бир адамдын таң берүүсүн арттырат. Жусуп Абдрахманов Кыргыз Республикасын жетектеп, чектелген убактысына карабай жалпы маданий жана руханий дүйнөсүн байытып, өзүн өзү өстүрүүгө убакыт, мүмкүндүк таап, маданиятка чоң маани берип, анын өнүгүшүнө чоң күч жумшаган. Мисалы, Жусуп Абдрахманов 1925-жылы 5-майда И.Сталинге Кыргыз областынын жалпы абалы жөнүндө кат жазып, анда билим маселесине да токтолот: "...Кара-кыргыздардын улуттук кызыкчылыгы эске алынбай келген, анткени 1924-жылы ТКПнын БКнин акыркы курамынын катчысы болгон жол. Варейкис кара-кыргыздар жашаган райондорго мектеп жана педагогикалык институтту уюштуруу маселесин көтөрсө болмок. Жөнөкөй мисал: азыркы учурда САГУда 100 казак-кыргыз студенттер билим алып жатышат, бирок ошол эле университетте бир да кара-кыргыз жок, ал кыргыз жаштары жогунан эмес, кыргыздардын эсебинен казак-кыргыздар кабыл алынган" деп маалымат берет. Дегеле, Жусуп Абдрахмановдун өздүк тарыхы менен таанышканда, ал бүт өмүрүн кыргыз элинин кызыкчылыгына арнаганына күбө болосуң.

Жусуп Абдрахманов Шолом – Алейхемдин «Коммивояжеры», Серафимовичтин «Железный поток», Ван Центендин «Счастливые дни», Спиридовичтин «Записки жандарма», Мережковскийдин трилогиясынын «Антихрист» деген бөлүгүн, Гауптмандын «Демон», Д.Голсуорсинин «Серебряная ложка», Бородинонун «В застенках китайских сатрапов», Васильченконун «Не той стороною», М.Горькийдин «Макар Чудра, О первой любви» жана башка чыгармаларды окуп гана чектелбестен, аларды сын көз менен талдап чыккан. Ошондой эле Маркс, Энгельс, Ленин, Сталин, Плеханов, Герцен, Пушкиндин чыгармаларын да окуп, ал эмгектер өздүк китепканасынын негизин түзгөн. Мисалга алсак, Жусуп Абдрахманов 1928-жылы 23-октябрда Бородинонун «В застенках китайских сатрапов» деген китебин окуп жатканын күндөлүгүнө жазат. «Эгерде кимде ким бул китептин көз алдында болуп өткөн ошол окуяларга анализ берем деп аракеттенсе тек гана убактысын кетирет» дейт. Кимде

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 2, 2021

ким өзүн мактаганды үйрөнгүсү келсе анда бул китептен пайда албай эле окуп чыкса болот. Бул китепти окуп чыккандан кийин кагаз баарына чыдайт деген жыйынтыкка келесиң» [8] деген оюн жазып калтырат. Демек Жусуп Абдрахманов Союз ичинде мамлекеттик иш менен командировкага чыкканда, поездде жогорудагы чыгармаларды окуп, талдап, чыгармаларга таасирленип, пайдалуу, терс жактарын турмушунда колдоно билген. Жусуп Абдрахманов өз алдынча окуп билим алуунун эң мыкты тажрыйбасынан өтүп, орус тилин мыкты өздөштүргөнү дүйнөлүк жана орус адабиятынын мыкты үлгүлөрүн терең окуп үйрөнүүсүнө өбөлгө түзүп, мындай артыкчылыгы анын сейрек учуроочу жетишкендиги болду. Анткени Жусуп Абдрахманов иш боюнча Москвага келгенде улуу орус акыны В.Маяковский менен Л.Бриктин белгилүү чыгармачыл чөйрөсү менен дагы тез-тезден жолугушуп, жакын мамиледе болгон. Албетте, Жусуп Абдрахмановдун интеллектуалдык деңгээли атагы дүйнөгө кеткен алдыңкы чыгармачыл орус чөйрөсүнүн деңгээлине жооп берип, ал чөйрөгө «белгилүү» адам катары таанылган.

Архивдик маалыматтар боюнча Октябрь революциясынын алдында Кыргызстандын территориясында 20га жакын орус-тузем мектеби жана Пишпек, Пржевальск шаардык училищенин алдында эки интернат иштеп, анда 800дөн ашык балдар билим алышкан. Билим алып, элдин сабаттуулугу жоюлса дагы, 1917-жылы Октябрь революциясынын алдында тажиктер-0,5%, кыргыздар-0,6%, түркмөндөр-0,7%, өзбектер-1,6%, казахтар-2,1%ти элдин сабаттуу катмарын түзгөн [9]. Эл агартуу тармагындагы кайра куруу иштери оор кыйынчылыктар менен жүрсө дагы, совет мамлекети ар тараптуу колдоо көрсөтүп, жыйынтыгында натыйжалуу билим системасы түзүлгөн.

Демек, Жусуп Абдрахмановдун Кыргызстандагы 20 мектептин бири болгон XX кылымдын башында Ысык-Көл районунун Ананьево (мурдагы аты Сазановка) айылындагы ачылган орус-тузем мектебинде жана Караколдогу шаардык училищеде билим алышы орус тилин жогорку деңгээлде үйрөнүп, анын табигый жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүп, кеңейтүүгө ыңгайлуу шарттарды түзгөн. Орус-тузем мектебинен алган 4 жылдык билими жана өз алдынча билим алуу жолу менен билимин, интеллектуалдуулугун өстүргөн Жусуп Абдрахманов Республикада эң жогорку кызматка чейин көтөрүлгөн. Кыргыз Республикасынын биринчи өкмөт башчысы болуп, бул кызматты аркалаганга чейин Москвада, Россиянын ири шаарлары болгон Самара, Оренбургда, Казакстанда жана Өзбекстанда жооптуу кызматтарда иштеген. Орус-тузем мектеби Жусуп Абдрахмановдун турмушунда негиздүү роль ойногон.

**Адабияттар:**


1. Тургунбаева А.М. Формирование системы народного образования в период культурной революции в Киргизии (20-30-е годы XX века). Учебное пособие. - Б.: КРСУ, 2008. - 10-бет.
2. РГАСПИ (Россия мамлекеттик социалдык-саясий тарыхынын архиви) ф.17. оп. 100. д.7699. - 1-бет.
3. А.Тузов. Последний. Вечерний Бишкек.1992.22.01.
4. Данияров С.С. Становление киргизской советской культуры (1917-1924гг). Монография. -Ф., 1983. - 34-бет.
5. Джунушалиев Дж. Абдрахманов Юсуп. Монография. - Б.: 2001. - 196-бет.
6. ЦГА КР ф. 21. оп. 2. д. 158. - 156-157-беттер.
7. Данияров С.С. Становление киргизской советской культуры. (1917-1924гг). Монография. - Ф., 1983. - 34-б.
8. Данияров С.С. Становление киргизской советской культуры. (1917-1924гг). Монография. - Ф., 1983.
9. Джунушалиев Дж. Абдрахманов Юсуп. Монография. - Б.: 2001. - 91-бет.
10. Данияров С.С. Борьба компартии Киргизии за всеобщую грамотность. Монография. - Фрунзе: Кыргызстан, 1980. - 7-бет.